*Урматтуу Бакыт Карыбековна,*

*Улуттук аттестациялык комиссиянын кызматкерлери!*

*Сиздерди Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын негизделгенинин 30 жылдыгы менен куттуктайм!*

*Мамлекеттик башкаруу тутумунда жана заманбап мамлекетти курууда, анын ишин жүргүзүүдө окумуштуулардын жана илимий кызматкерлердин орду чоң.*

*Сиздердин мекеме түптөлгөн күндөн баштап, 30 жылдык тарыхты басып өтүү менен заман талабына зарыл болгон адистиктер боюнча миңдеген илимий иштерди аттестациялап, санариптештирүү боюнча ишенимдүү жана далилдүү кадамдарды жасап жаткан республикадагы алдыңкы саптагы мекемелердин катарын толуктап келе жаткан органга айланды деп айтууга толук негиз бар.*

*Азыркы замандын талаптарын эске алуу менен изденүүчүлөр үчүн шарттарды камсыз кылуу, сапаттуу илимий иштерди жазуу, аны ийгиликтүү коргоо, илимий наамдарды ыйгаруу, ченемдик-укуктук актыларына мониторинг жүргүзүлүп, изденүүчүнүн пайдасына чечилген бир катар жаңы ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. Мындай иш-аракеттер аркылуу жаш окумуштууларга жана изденүүчүлөргө кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга жетиштиңиздер деп айтууга болот.*

*Улуттук аттестациялык комиссиянын кызматкерлери жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо ишин уюштуруу, көзөмөлдөө, кеңеш берүү, окумуштуулук даража жана наамдарды изденүүчүлөрдүн документтери менен иштөө сыяктуу ары майда, ары жоопкерчиликтүү иштерди талыкпастан, дыкаттык менен аткарып, бай тажрыйбасы менен бөлүшүп, мамлекеттик илимий саясатты жүргүзүүгө олуттуу салым кошуп жаткандыгы үчүн ыраазычылыгымды билдирем.*

*Дагы бир жолу 30 жылдык маарекеңиздер менен куттуктап, Улуттук аттестациялык комиссиянын жалпы жамаатына мындан ары да ийгиликтерди, гүлдөп өнүгүшүнөрдү, жогорку квалификациялуу адистерди аттестациялоо ишиндеги чыгармачылык ийгиликтерди жана жаңы жетишкендиктерди каалайм!*

*Баарыңыздарга чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалайм, ишиңиздерде ийгиликтер мол болсун!*

*Кыргыз Республикасынын Президенти* *С.Н. Жапаров*